KICB KYRGYZ INVESTMENT AND CREDIT BANK

# “Онлайн кредит” кредиттик келишимин түзүүгө АЙКЫН ОФЕРТА

Ушул “Онлайн кредит” кредиттик келишимин түзүүгө айкын оферта (мындан ары – “Оферта”) жеке жактарга даректелген жана Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык “Кыргыз инвестициялык-кредит банкы” жабык акционердик коомунун (мындан ары – “Банк”) ушул Офертада камтылган шарттарда “Онлайн кредит” кредиттик келишимин түзүүгө (мындан ары – “Келишим”) расмий сунушу болуп саналат.

Келишим акцепт учурунан тартып, башкача айтканда, жеке жак KICB мобилдик тиркемеси аркылуу ушул Офертада каралган тартипте жөнөкөй электрондук кол тамга менен Офертанын шарттарына макулдугун ырастаган учурдан тартып күчүнө кирет, бул Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 399 жана 402-беренелерине ылайык, жеке жактын ушул Офертанын бардык шарттарын эч кандай алып салууларсыз же чектөөлөрсүз кабыл алгандыгын билдирет.

## 1. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

**Акцепт** – бул Зайымчынын KICB мобилдик тиркемеси аркылуу кредитти аралыктан/обочо туруп берүүгө карата ушул Келишимдин шарттарын шартсыз кабыл алышы, аларга толук жана шартсыз макулдугу.

**Зайымчыны верификациялоо** – Банк тарабынан алынган жана анда болгон Зайымчынын жеке маалыматтарынын актуалдуулугун, тууралыгын жана толуктугун текшерүү жол-жобосу.

**“Онлайн-кредитти” берүү күнү** – Банк тарабынан акча каражаттары Зайымчынын банктык эсебине чегерилген күн.

**Зайымчы** – KICB мобилдик тиркемесинин колдонуучусу болгон, ушул Келишимде каралган шарттарда жана тартипте Банк тарабынан онлайн-кредит бериле турган жана/же берилген аракетке жөндөмдүү жеке адам.

**Кредиттик өтүнмө** – аралыктан түзүлгөн, Зайымчы (потенциалдуу зайымчы) тарабынан KICB мобилдик тиркемеси аркылуу Банкка жөнөтүлгөн жана ушул Келишимде каралган шарттарда суралган кредит жөнүндө жалпы маалыматты камтыган документ.

**KICB мобилдик тиркемеси** – Банкка таандык болгон, Зайымчыга кредитти аралыктан алуу жана/же башка банктык операцияларды/бүтүмдөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берген, аралыктан банктык тейлөө системасы.

**Онлайн-кредит (кредит)** – Банк тарабынан Зайымчыга мөөнөттүүлүк, кайтарымдуулук, камсыздалгандык жана акы төлөнүүчүлүк шарттарында KICB банкындагы Зайымчынын банктык эсебине акча каражаттарын чегерүү аркылуу берилүүчү акча каражаттары.

**Эсеп** – Банк менен Зайымчынын ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде Зайымчыга ачылган Банктагы банктык эсеп.

**Жөнөкөй электрондук кол тамга** – Зайымчынын өз колу менен койгон кол тамгасынын аналогу, ал ушул Келишимге жана ушул Келишимдин алкагындагы башка документтерге кол коюуда колдонулган One Time Password - OTP, бир жолку PIN-коддорду, логинди, паролду, кодду, ырастоо кодун, Зайымчыны идентификациялоонун эквиваленттүү башка идентификаторлорду камтыйт.

**Онлайн-кредиттин шарттары** – ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган, электрондук формадагы анын тиркемеси, анда Банк тарабынан Зайымчыга жактырылган кредиттин суммасы, кредиттин мөөнөтү, Зайымчынын идентификацияланган маалыматтары жана Кредитти төлөө графиги көрсөтүлөт.

**Кабарлама** – Банк тарабынан Зайымчыга электрондук почта, смс-билдирүүлөр жана башка белгилүү жеткиликтүү байланыш каналдарын колдонуу менен электрондук формада жөнөтүлүүчү билдирүү.

## 2. КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

2.1. Ушул Келишимдин предмети болуп Банктын Зайымчыга ушул Келишимде каралган шарттарда Зайымчы Кредиттик өтүнмөдө көрсөткөн өлчөмдө, бирок бул кредиттик продуктка эсептелген жана ушул Келишимдин/KICB Мобилдик тиркемесинин 9-бөлүмүндө көрсөтүлгөн кредиттин суммасынан ашпаган онлайн-кредитти берүүсү саналат, ал эми Зайымчы алынган кредиттин суммасын мөөнөтүндө кайтарып берүүгө жана аны пайдалангандыгы үчүн пайыздарды төлөөгө милдеттенет.

## 3. ОНЛАЙН-КРЕДИТТИ БЕРҮҮ ТАРТИБИ

3.1. Онлайн-кредит алуу үчүн Зайымчы ушул Келишимдин шарттары, KICB мобилдик тиркемесинде жайгаштырылган Банктын тарифтери менен таанышууга, Келишимди түзүү максатында Офертаны жөнөкөй электрондук кол тамга аркылуу акцепттөөгө (кабыл алууга), KICB мобилдик тиркемеси аркылуу Банкка Кредиттик өтүнмөнү жөнөтүү аркылуу онлайн-кредит берүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө суроого тийиш.

3.2. Банк тарабынан Зайымчынын акцептин алуу Кредиттик келишимдин электрондук формада түзүлгөнү болуп эсептелет (Келишимди түзүү үчүн Банктын ыйгарым укуктуу адамынын колу талап кылынбайт). KICB мобилдик тиркемесинде алынган акцепт Зайымчынын кагаз түрүндөгү документке өз кол тамгасына коюуга маанилеш деп таанылат.

3.3. Онлайн-кредит Зайымчыга ушул Келишимде белгиленген шарттарда жана тартипте, акча каражаттарын Зайымчынын эсебине накталай эмес которуу аркылуу берилет.

3.4. Ушул Келишимге ылайык Зайымчынын Банкта эсеби жок болгондо Зайымчы Банк тарабынан белгиленген тартипте улуттук валютада – сом менен эсеп ачат.

3.5. Онлайн-кредит алуу үчүн Зайымчы Банкка KICB мобилдик тиркемеси аркылуу Банк сунуштаган мүмкүн болгон кредиттин суммасынан ашпаган суммага, кредиттин мөөнөтүн, пайыздык ченин көрсөтүү менен Кредиттик өтүнмө берет.

3.6. Зайымчы тарабынан Кредиттик өтүнмөдө суралган кредиттин суммасы, Банкта болгон Зайымчы жөнүндөгү маалыматтын негизинде, анын кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүн баалоо аркылуу Банк тарабынан жактырылат.

3.7. Кредиттик өтүнмөнү иштеп чыккандан кийин, Банк Зайымчыга KICB Мобилдик тиркемесинин интерфейсинде Онлайн-кредиттин шарттарын түзүү аркылуу ушул Келишимдин шарттарында Банк тарабынан жактырылган кредиттин суммасын, же ийгиликсиз верификациялоо жана/же Зайымчынын кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүнүн жетишсиздигинен улам онлайн-кредит берүү мүмкүн эместиги жөнүндө билдирет.

Банк кошумча Зайымчыга маалымат алууга жана анын Банктан чыкканын аныктоого мүмкүндүк берүүчү башка ыкмалар менен маалымат берет.

3.8. Зайымчынын Кредиттик өтүнмөнү берүүсү жана Зайымчынын KICB Мобилдик тиркемесинде ырастоо аркылуу онлайн-кредиттин шарттарын кабыл алуусу, Зайымчынын ушул Келишимдин жана анын тиркемелеринин шарттарында кандайдыр бир алып салууларсыз же чектөөлөрсүз Онлайн-кредит алууга шартсыз макулдугу болуп саналат.

3.9. Банктын онлайн-кредит берүү боюнча милдеттенмеси акча каражаттары Зайымчынын эсебине түшкөн күндөн тартып аткарылды деп эсептелет.

3.10. Онлайн-кредитти берүү жана онлайн-кредит боюнча негизги карызды жана ал боюнча пайыздарды төлөө (кайтаруу) улуттук валюта – сом менен жүргүзүлөт.

3.11. Муздатуу мезгили. Ушул Келишим түзүлгөндөн кийин муздатуу мезгили белгиленет, бул убакытта Банк Зайымчыга кредит алуудан баш тартууга укук берүү менен, Зайымчыга акча каражаттарын которбойт. Муздатуу мезгилинин узактыгы кредиттин суммасына жараша аныкталат:

- 50 001 сомдон 100 000 сомго чейин — 4 саат;
- 100 001 сомдон жогору — 12 саат.

100 001 сомдон жогору кредиттер үчүн муздатуу мезгилинде Банк Зайымчыга кредитти тариздөөгө макулдугун ырастоону алуу үчүн контролдук чалуу жүргүзөт. Зайымчы муздатуу мезгилинде кредит алуудан баш тарткан учурда, Тараптардын ушул Келишим боюнча милдеттенмелери кандайдыр бир айып санкцияларысыз токтотулат.

3.12. Оферта, Кредиттик өтүнмө жана “Онлайн-кредитти” берүү боюнча Онлайн-кредиттин шарттары жалпысынан Банк менен Зайымчынын ортосундагы милдеттенмелерди аткаруудагы мамилелерди жөнгө салуучу Келишимдин шарттарын түзөт.

## 4. КРЕДИТТИ КАЙТАРУУ, ПАЙЫЗДАРДЫ ЧЕГЕРҮҮ ЖАНА ТӨЛӨӨ ТАРТИБИ

4.1. Кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздарды чегерүү Банк кредитти Зайымчыга берген күндөн кийинки күндөн баштап жүргүзүлөт жана ай сайын, айдагы күндөрдүн иш жүзүндөгү санына жана жылдагы күндөрдүн саны 360 күнгө барабар болгон негизде, кредит толук кайтарылганга чейин жүргүзүлөт. Туумдарды чегерүү кредиттин негизги карызы жана/же ал боюнча пайыздар боюнча мөөнөтү өткөн карыз пайда болгон күндөн баштап башталат жана ар бир календардык ай ичинде кредит боюнча мөөнөтү өткөн карыздын суммасына, айдагы күндөрдүн иш жүзүндөгү санына жана жылдагы күндөрдүн саны 360 күнгө барабар болгон негизде, мөөнөтү өткөн карыз толук төлөнгөнгө чейин жүргүзүлөт.

4.2. Кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздар кредиттин негизги суммасынын төлөнбөгөн калдыгына чегерилет.

4.3. Кредитти тындыруу жана пайыздарды, ошондой эле ушул Келишим боюнча башка төлөмдөрдү төлөө Зайымчы тарабынан накталай да, накталай эмес формада да төмөнкүдөй түрдө жүргүзүлөт:

- Банктын кассасына накталай акча каражаттарын салуу аркылуу;
- Банк көрсөткөн эсепке которуу аркылуу;
- Банктын төлөм терминалдары жана мобилдик тиркемеси аркылуу;
- Тараптар макулдашкан башка жол менен.

Кредитти төлөө графиги онлайн-кредитти алган күнү электрондук форматта түзүлөт жана KICB мобилдик тиркемесинде жеткиликтүү.

4.4. Кредиттин негизги суммасын тындыруу жана пайыздарды төлөө Зайымчы тарабынан кредит берилген улуттук валютада жана кредитти төлөө графигинде белгиленген төлөө күнү саат 16-00дөн кеч эмес жүргүзүлөт. Эгерде кредитти тындыруу жана пайыздарды төлөө көрсөтүлгөн убакыттан кийин жүргүзүлсө, төлөө кийинки жумушчу күнгө жасалды деп эсептелет, бул кредитти кайтаруу жана ал боюнча пайыздарды төлөө мөөнөтүн бузуу болуп саналат жана ушул Келишимге ылайык үстөк айып чегерилет. Айдын акыркы жумуш күнү кредитти төлөө убактысы 2 саатка кыскарат.

4.5. “Төлөө күнү” деген пайыздарды жана/же кредиттин негизги суммасын же ушул Келишимде каралган башка төлөмдөрдү төлөө күнүн же мөөнөтүнөн мурда төлөө күнүн билдирет. Эгерде Төлөө күнү жумуш эмес күнгө туш келсе, анда Төлөө күнү деп жумуш эмес күндөн кийинки биринчи жумуш күнү эсептелет.

4.6. Төлөө үчүн жана/же Банктын талабы боюнча Зайымчы тарабынан толук эмес сумма салынган учурда, салынган бөлүккө кредит боюнча карызды төлөөнүн төмөнкүдөй кезектүүлүгү колдонулат:

(1) кредиттин негизги суммасы;

(2) карызды өндүрүп алуу боюнча чыгымдар;

(3) кредитти пайдаланганы үчүн пайыздар;

(4) үстөк айып (айып, туум);

(5) карта эсептери боюнча пайда болгон овердрафттын суммасы (анын ичинде, техникалык, жол берилген);

(6) чыгымдар.

4.7. Кредитти төлөө графигине ылайык кредитти кайтаруу жана ал боюнча пайыздарды төлөө мөөнөттөрү бузулган учурда Банк Зайымчыга мөөнөтү өтүп кеткен карыз үчүн ушул кредит боюнча пайыздык ченге барабар өлчөмдө туум түрүндө үстөк айып салат, ал мөөнөтү өтүп кеткен карыздын суммасына карата иш жүзүндө кечиктирилген мөөнөт үчүн чегерилет, бирок берилген кредиттин суммасынын 10 (он) %ынан ашпайт.

## 5. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

5.1. Зайымчынын укуктары:

5.1.1. Зайымчы муздатуу мезгилинде жана/же ушул Келишим түзүлгөн учурдан тартып KICBдеги Зайымчынын банктык эсебине акча каражаттары келип түшкөнгө (алынганга) чейин ушул Келишимдин шарттарына макул болбогон учурда кредит алуудан акысыз негизде баш тартууга укуктуу. Мындай учурда KICB мобилдик тиркемесинде Зайымчы тарабынан бекитилген сумманы берүүгө ырастоонун жоктугу жана/же Банктын контролдук чалуусу учурунда телефон аркылуу оозеки түрдө баш тарткандыгы “баш тартуу” деп эсептелет.

5.1.2.Зайымчы каалаган убакта эч кандай комиссиясыз, айыптык санкцияларысыз жана башка төлөмдөрсүз бардык чегерилген пайыздар жана төлөнүүгө тийиш болгон башка суммалар менен бирге кредитти толук же жарым-жартылай мөөнөтүнөн мурда төлөөгө укуктуу. Кредитти толук мөөнөтүнөн мурда төлөө үчүн Зайымчы KICB мобилдик тиркемеси аркылуу “Онлайн кредит” бөлүмүндө кредитти төлөйт, жарым-жартылай мөөнөтүнөн мурда төлөө үчүн Банктын жакынкы бөлүмүнө кредитти мөөнөтүнөн мурда төлөө жөнүндө жазуу жүзүндө арыз менен кайрылышы керек.

5.1.3. Зайымчы Банкка кредитти узартуу же реструктуризациялоо өтүнүчү менен кайрылууга, ошондой эле кредит боюнча пайыздарды жана айып санкцияларын эсептөөлөрдү жүргүзүүгө байланыштуу түшүндүрмөлөрдү алууга укуктуу.

5.1.4. Банктын кызматкерлери тарабынан сапаттуу тейлөөнү алууга. Зайымчы Ишеним жана этика линиясы (тел.: 996 (559) 535 002) аркылуу Банк кызматкерлеринин ар кандай укук ченемсиз аракеттери же коррупциянын ар кандай көрүнүштөрү жөнүндө билдирүүгө укуктуу.

5.2. Зайымчынын милдеттери:

5.2.1. Зайымчы ушул Келишимдин шарттары менен өз убагында жана толук көлөмдө таанышууга жана сактоого милдеттүү.

5.2.2. Зайымчы кредиттин суммасын жана ал боюнча чегерилген пайыздарды төлөө (кайтаруу) боюнча милдеттенмелердин Кредитти төлөө графигине ылайык аткарылышын камсыз кылууга милдеттүү.

5.2.3. Зайымчы Банктын биринчи талабы боюнча зарыл болгон документтерди, ошондой эле финансылык абалына тиешелүү маалыматтарды берүүгө милдеттүү.

5.2.4. Зайымчы аялына (күйөөсүнө) кредит алгандыгы тууралуу маалыматты билдирүүгө милдеттүү.

5.2.5. Зайымчы ага берилген кредитти Кредитти төлөө графигинде көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө төлөөгө милдеттүү. Кредитти төлөө графиги онлайн-кредит алынган күнү электрондук форматта түзүлөт жана KICB мобилдик тиркемесинде жеткиликтүү.

5.2.6. Зайымчы дарегинин, реквизиттеринин өзгөргөндүгү жана ушул келишим боюнча өз милдеттенмелерин тийиштүү түрдө аткарууга байланыштуу бардык башка жагдайлар, анын милдеттенмелерин аткарбоого алып келиши мүмкүн болгон жагдайлар жөнүндө Банкка токтоосуз кабарлайт, ошондой эле аларды четтетүү боюнча бардык чараларды көрөт.

5.2.7.Зайымчы Банкка ушул Келишим боюнча карызды өндүрүп алуу боюнча анын же ал тарткан жактардын бардык чыгымдарын төлөп берүүгө милдеттүү.

5.2.8.Финансылык-экономикалык абалы өзгөргөн же начарлаган учурда, Банктын суроо-талабы боюнча Зайымчы келишимдин аткарылышына кошумча кепилдиктерди берүүгө же Банк көрсөткөн мөөнөттө кредитти мөөнөтүнөн мурда төлөөгө милдеттүү.

5.3. Банктын укуктары:

5.3.1 Банк бул Келишимге бир тараптуу тартипте өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө укуктуу. Банктын Тарифтеринин өзгөргөндүгү жөнүндө Зайымчыга билдирүү токтоосуз ишке ашырылат, мында Келишимдин жалпы шарттарынын өзгөрүшү жөнүндө өзгөртүүлөр/Келишимдин жаңы редакциясы күчүнө кирген күнгө чейин 10 (он) жумуш күндөн кеч эмес KICB мобилдик тиркемесинде, www.kicb.net интернет-сайтында, маалыматтык такталарда ж.б. өзгөртүүлөрдүн/жаңы редакциянын текстин жайгаштыруу аркылуу кабарланат. Өзгөртүүлөрдү бир тараптуу тартипте киргизүү Зайымчынын укуктарын начарлаткан, адаштырган жана милдеттерин көбөйткөн учурларда колдонулбайт. Келишимге киргизилген бардык өзгөртүүлөр алар күчүнө кирген күндөн тартып Тараптар үчүн милдеттүү болуп саналат.

5.3.2 Зайымчы ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаган жана/же талаптагыдай эмес аткарган учурда, Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган өз укуктарын Зайымчынын Банкта ачылган бардык эсептеринен кредиттин суммасын жана ал боюнча пайыздарды, анын ичинде үстөк айыптарды, комиссияларды жана башка чыгымдарды төлөө үчүн бир тараптуу талашсыз тартипте акча каражаттарын эсептен чыгаруу аркылуу ишке ашырууга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган карызды өндүрүп алуу боюнча башка чараларды көрүүгө укуктуу.

5.3.3 Төмөнкү учурлардын бири келип чыккан учурда кредиттин суммасын, кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздарды жана ушул Келишим боюнча төлөнүүгө тийиш болгон башка төлөмдөрдү мөөнөтүнөн мурда кайтарып берүүнү талап кылууга:

1) Зайымчынын ушул Келишим боюнча милдеттенмелерин аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы, анын ичинде кредит боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карыздын пайда болушу жана мөөнөтү өтүп кеткен карыздын суммасына карабастан пайыздарды төлөө;

2) Зайымчынын кредитти ушул Келишимде каралган максаттардан башка максаттарда пайдалануусу;

3) Зайымчы тарабынан кредит алуу үчүн берилген маалыматтын жана документтердин анык эместиги;

4) Зайымчыга карата Зайымчынын кудуретсиздигине (банкроттугуна) алып келиши же Зайымчынын финансылык абалын кыйла начарлатышы мүмкүн болгон доо талаптарынын коюлушу.

5.3.4 Зайымчынын макулдугу менен ушул Келишимге жана башка келишимдерге ылайык өзүнүн бардык же айрым укуктарын же милдеттенмелерин сатууга, өткөрүп берүүгө, берүүгө же башкача жол менен тескөөгө. Кредит боюнча талаптарды өткөрүп берүү Зайымчынын макулдугу менен жүргүзүлөт жана өзүнчө макулдашуу менен таризделет. Ушул пункттун талаптары Банк тарабынан кредиттик портфелди күрөө катары берүү учурларына жайылтылбайт. Банк ушул пунктта каралган, сунушталган сатууга, берүүгө, өткөрүп берүүгө же башкача жол менен тескөөгө байланыштуу талаптагыдай деп эсептесе, ушул бүтүмгө тиешелүү маалыматты (анын ичинде, чектөөсүз, ар кандай келишимдердин көчүрмөлөрүн берүү) ачыкка чыгарууга укуктуу.

5.3.5 Каалаган убакта Зайымчынын төлөөгө жөндөмдүүлүгүн текшерүүгө, ошондой эле Зайымчынын иш берүүчүсүнөн керектүү маалыматты сурап алууга.

5.3.6 Зайымчыга берилген сумма өз убагында кайтарылбай тургандыгын ачык күбөлөндүргөн жагдайлар болгондо, Зайымчыга ушул Келишимде каралган кредити толук же жарым-жартылай берүүдөн баш тартууга.

5.3.7 Ушул Келишимдин шарттары жана ага байланыштуу кийинки бүтүмдөр жөнүндө маалыматты кредиттик бюролордон сурап алууга жана берүүгө.

5.3.8 Кредитти төлөөгө багытталган төлөмдөрдү ар кандай үчүнчү жактардан кабыл алууга. Банк Зайымчынын карызын төлөө процессинде түз же кыйыр түрдө пайда болгон Зайымчы менен мындай үчүнчү жактын ортосундагы учурдагы жана кийинки мамилелери үчүн жоопкерчилик тартпайт.

5.3.9 Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте Зайымчы жөнүндө, ошондой эле анын мүлкү жөнүндө маалыматты мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана мамлекеттик эмес уюмдардан сурап алууга.

5.4. Банктын милдеттери:

5.4.1 Банк купуя маалыматтын жашыруун сакталышын камсыздоого, Зайымчынын алдын ала жазуу жүзүндөгү уруксаты жок ачыкка чыгарбоого, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарында белгиленген учурлардан тышкары, Зайымчынын берилген жеке маалыматтарын алмаштырбоого, жарыялабоого же башка мүмкүн болуучу жолдор менен ачыкка чыгарбоого милдеттенет.

5.4.2 Банк Зайымчынын жеке маалыматтарынын купуялуулугун коргоо үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мындай маалыматты коргоо үчүн колдонулган тартипке ылайык, этияттык чараларын көрүүгө милдеттенет.

5.4.3 Зайымчыга анын суроо-талабы боюнча кредит боюнча карызды төлөө тууралуу көчүрмөлөрдү жана башка маалым каттарды 3 (үч) жумуш күндүн ичинде берүүгө милдеттенет.

## 6. ЗАЙЫМЧЫНЫН БИЛДИРҮҮСҮ ЖАНА КЕПИЛДИГИ

6.1. Кредиттик өтүнмөнү жөнөтүүдөн мурун Зайымчы төмөнкүлөрдү кепилдейт, ал:

1) ал жыйынтыгында анын мүлкүнө зыян келтирилиши мүмкүн болгон, сот процесстеринде доогер, жоопкер же үчүнчү жак катары катышпайт;

2) ушул Келишимди түзүү менен ал адаштыруунун, зомбулуктун, коркунучтун, жаман ниеттүү макулдашуунун же оор шарттардын таасири астында турбайт.

6.2. Кредит алууда Зайымчы ал Банкка график боюнча төлөө күнү анын тиешелүү банктык эсебинен ушул Келишим боюнча ар кандай карызды акцептсиз (талашсыз) автоматтык түрдө эсептен алууга ыйгарым укук бере турганын билдирет.

## 7. ЖЕҢИЛГИС КҮЧ ЖАГДАЙЛАРЫ

7.1. Тараптар эгерде бул жеңилгис күч жагдайларынын (форс-мажор) кесепети болсо, ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди толук же жарым-жартылай аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат. Форс-мажорк жагдайларга төмөнкүлөр кириши мүмкүн, бирок алар менен чектелбейт: табигый кырсыктар (суу ташкыны, жер титирөө, өрт жана башка табигый же техногендик кырсыктар), эпидемиялар, өзгөчө кырдаалдын киргизилиши, массалык башаламандыктар, мародерчулук, согуштук аракеттер ж.б. Тараптар милдеттенмелерин өзгөртүүнүн альтернативдүү ыкмалары боюнча биргелешкен чечимди иштеп чыгуу максатында жеңилгис күч жагдайларынын келип чыгышы жана токтошу жөнүндө бири-бирине көрсөтүлгөн жагдайлар башталган учурдан тартып 3 (үч) жумуш күндөн кеч эмес кабарлашат. Билдирүү тууралуу шарттар аткарылбаган учурда мындай Тарап кийин бул жагдайларга таяна албайт.

7.2. Зайымчынын төлөө жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизүүчү жеңилгис күч жагдайлары пайда болгон учурда Зайымчы финансылык абалынын начарлашын тастыктаган документтерди (сот актысы, ички иштер органдарынын актысы ж.б.) берүүгө милдеттүү. Тастыктоочу документтер берилбеген учурда Зайымчы кийин мындай жагдайларга таяна албайт.

## 8. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

8.1. Келишим Зайымчы ушул офертанын шарттарына ылайык Банктын алдындагы өз милдеттенмелерин толук аткарганга чейин колдонулат.

8.2. Ушул Келишим Тараптардын макулдашуусу боюнча, ошондой эле ушул Келишимде каралган учурларда же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка негиздер боюнча болушу мөөнөтүнөн мурда бузулушу мүмкүн.

8.3. Ушул Келишимде жөнгө салынбаган бардык башка маселелер боюнча Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алууга милдеттенишет.

8.4. Ушул Келишим боюнча же ага байланыштуу Тараптардын ортосунда келип чыккан бардык талаш-тартыштар же пикир келишпестиктер сүйлөшүүлөр аркылуу чечилет. Тараптар ушул Келишим менен сүйлөшүүлөр аркылуу пикир келишпестиктерди чечүү мүмкүн болбогон учурда, ушул Келишимге байланыштуу келип чыккан бардык талаш-тартыштар, анын ичинде ушул Келишимди түзүүгө, бузууга, токтотууга, жокко чыгарууга же жараксыздыгына байланыштуу талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде чечилүүгө тийиш деп аныкташты.

8.5. Банк тарабынан Зайымчыга ар кандай билдирүүлөр Электрондук билдирүү жөнөтүү аркылуу тийиштүү түрдө ишке ашырылды жана жеткирилди деп эсептелет.

## 9. ОНЛАЙН КРЕДИТТИН ШАРТТАРЫ

| **Продукт:** | **Онлайн-кредит** |
|---|---|
| **Максаттуу топ:** | Жеке жактар |
| **Зайымчынын курагы** | 18 жаштан 70 жашка чейин (кредиттин мөөнөтү аяктаган учурда) |
| **Максаты:** | Керектөө максаттары |
| **Валюта:** | KGS |
| **Кредиттин суммасы:** | **5 000 – 200 000** |
| **Пайыздык чен:** | **25% (акция өткөрүү мезгилинде же жеке тейлөө шарттарында дал келбеши мүмкүн)** |
| **Натыйжалуу пайыздык чен** | **29,12%дан баштап (акция өткөрүү мезгилинде же жеке тейлөө шарттарында дал келбеши мүмкүн)** |
| **Кредиттин мөөнөтү:** | **3 – 24 ай** |
| **Акчага айландыруу үчүн комиссия** | Банктын тарифтерине ылайык |
| **Төлөө тартиби:** | аннуитет |
| **Күрөөлүк камсыздоо:** | Талап кылынбайт |
| **Мөөнөтүнөн мурда төлөө үчүн комиссия:** | Колдонулбайт |

## 10. БАНКТЫН ЗАЙЫМЧЫЛАРЫНЫН ЧЫГЫМДАРЫНЫН (ТӨЛӨМДӨРҮНҮН) ЖАНА АЙЫП САНКЦИЯЛАРЫНЫН ТИЗМЕГИ

| **Кредит боюнча банктын зайымчысынын чыгымдары (төлөмдөрү)** | |
|---|---|
| Кредит боюнча пайыздык төлөмдөр | Кредиттик төлөө графигине ылайык |
| Күндөлүк эсепти ачуу (эгерде эсепти ачуу кредиттик келишимди түзүү менен шартталса) жана тейлөө (эгерде кредит боюнча операция накталай эмес формада жүргүзүлсө) үчүн комиссия | Банктын тарифтерине ылайык |
| Эсептик-кассалык тейлөө үчүн комиссия (анын ичинде зайымчы тарабынан банкомат аркылуу накталай акчаны салуу жана алуу) | Банктын тарифтерине ылайык |
| Карызы жоктугу/бар экендиги жөнүндө маалым кат үчүн төлөм (айына 1 жолудан көп кайрылган учурда). | Банктын тарифтерине ылайык |
| Башка маалым каттар (кредитке тиешелүү). | Банктын тарифтерине ылайык |
| Ар кандай шарттарды кайра кароодон кийин төлөө графигин берүү үчүн төлөм (Төлөө датасын жылдыруу/Төлөө графигин өзгөртүү). | Банктын тарифтерине ылайык |

| | |
|---|---|
| Кредитти мөөнөтүнөн мурда төлөө | Комиссиясыз |
| **Банктын айып санкциялары жана туумдары** | |
| Карыздын негизги суммасы боюнча жана пайыздар боюнча төлөмдөрдү төлөө мөөнөтүн өткөрүп жибергени үчүн | Кредитти кайтаруу мөөнөтү жана Кредитти төлөө графигине ылайык ал боюнча пайыздарды төлөө мөөнөтү бузулган учурда, Банк Зайымчыга мөөнөтү өтүп кеткен карыз үчүн туум түрүндө үстөк айыпты салат, ал бул насыя боюнча пайыздык ставкага барабар өлчөмдө чегерет, ал мөөнөтү өтүп кеткен карыздын суммасына иш жүзүндөгү мөөнөтү өтүп кеткен карыз үчүн, бирок берилген кредиттин суммасынын 10 (он) %ынан ашык эмес чегерилет. |